**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Соту**

**Верховный Суд**
**Кыргызской Республики**

Верховный суд Кыргызской Республики

## Иштин маалыматтары

| | |
|---|---|
| Иштин номери | АЧ04-485/25-УД (Экинчи инстанция) - Кароодо |
| Иштин түрү | кылмыш иши боюнча даттануу |
| Өндүрүшкө кабыл алынган мезгил | 24.11.2025 |
| Өндүрүштүн жабылуу датасы | 10.12.2025 |
| Өндүрүш түрү | |
| Макалалар | |
| Иштин тили | Кыргызча |
| Айыптоо тартиби | |
| Судья | Касымалиев Бакыт Мукамбетович |
| Прокуратура | |
| Сот | Чүй облустук соту |
| Дарек | |
| Байланыштар | |

## Иштин тараптары

| | |
|---|---|
| Жабырлануучу / Мамлекеттик айыптоочу / Жарандык доогер / Тергөөчү / Жогору турган прокурор / Жабырлануучунун өкүлү (Деперсонифицированные) | |
| Айыпталуучу / Жактоочу / Башка адамдар / Мыйзамдуу өкүлүнө соттолгондун/акталган/айыпкердин / Адам болсо, ага карата велось же өндүрүш жүргүзүлгөн колдонуу жөнүндө медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу чараларды (Деперсонифицированные) | |

## Кароонун натыйжасы жана сот актысы

| | |
|---|---|
| Кароонун натыйжасы | |
| Кароонун жыйынтыгынын маңызы | |
| Жарыяланган датасы | 19.12.2025 |
| Акт түрү | Приговор |

| | |
|---|---|
| Актынын кабыл алынган күнү | 10.12.2025 |

Верховный суд Кыргызской Республики
Верховный суд Кыргызской Республики
Верховный суд Кыргызской Республики

**Соттук угуулар**

| Иштин номери | Отурумдун датасы | Инстанция |
|---|---|---|
| АЧ04-485/25-УД | 10.12.2025 14:00 | Биринчи инстанция |

Верховный суд Кыргызской Республики
Верховный суд Кыргызской Республики
...спублики

**Кылмыш иши №КИ-168/25-Ч1** түп нуска
**№АЧ04-485/25УД**
**Ө К Ү М**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН**
2025-жылдын 10-декабры Бишкек шаары
**Чүй облустук сотунун кылмыш-жаза иштери жана укук бузуулар**
**жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясы**
Курамында: төрагалык кылуучу Б.М. К.,
судьялар: Ж.С. С.,
М.А. Т.,
соттук отурумунун катчысы К. Ж.,
мамлекеттик айыптоочу Т. Т.,
айыпталуучунун адвокаты Н. К.,
катышуулары менен ачык соттук отурумунда Чүй облусунун Аламүдүн райондук сотунун 2025-жылдын 13-октябрындагы өкүмүнө карата айыпталуучу Э. Б. апелляциялык даттануусу боюнча кылмыш ишин карап, ал боюнча:
**Б. Э. М.**, ***** ***** облусунун ***** шаарында туулган, улуту кыргыз, Кыргыз Республикасынын жараны, жогорку билимдүү, үй-бүлөөлү (4 баласы бар), убактылуу иштебеген, мурда соттолгон, ***** облусунун ***** шаарынын ***** көчөсүнүн №1 үйдүн, 41 батиринин тургуну, Кыргыз Республикасынын КЖКнын 278-беренесинин 3-бөлүгү, 327-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту менен күнөлүү деп табылган жана ага төмөндөгүдөй жаза белгиленген:
- Кыргыз Республикасынын КЖКнын 278-беренесинин 3-бөлүгү менен 5 (беш) жылга эркиндигинен ажыратылган;
- Кыргыз Республикасынын КЖКнын 327-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту менен 3 (үч) жылга эркиндигинен ажыратылган.
Кыргыз Республикасынын КЖКнын 77-беренесинин негизинде кылмыштардын жыйындысы боюнча дайындалган жазаларды жарым-жартылай бириктирүү жолу менен Э. Б. биротоло 6 (алты) жылга эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза белгиленген.
Кыргыз Республикасынын КЖКнын 78-беренесинин негизинде, Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун 2023-жылдын 2-июнундагы өкүмү боюнча 6 (алты) жыл өтөй элек жазаны жарым-жартылай кошуу жолу менен өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жалпысынан Э. Б. өтөөгө биротоло 7 (жети) жыл эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза белгиленген.
Э. Б. жазасын катуу тартиптеги түзөтүү абактарында өтөөсү белгиленген, жана анын өтөө мөөнөтү 2025-жылдын 25-июнунан баштап эсептелинген.
Кыргыз Республикасынын КЖКнын 80-беренесинин негизинде ушул өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин Э. Б. камакта кармоонун мөөнөтү камакта кармоонун бир күнү эркиндигинен ажыратуунун эки күнүнө барабар деп эсептелинген.
Ушул өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин Э. Б. карата колдонулган камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасы өзгөртүүсүз калтырылган.
Иш материалдарына тиркелген ДВД Диск далилдер иште сакталсын деп белгиленген.
Иш материалдарына тиркелген “RED MI 12” (IMEI *****) уюлдук телефон далил мамлекеттин пайдасына өндүрүлгөн.
**/төрагалык кылуучу: М. С./**
Иш боюнча Чүй облустук сотунун судьясы **Б. К.** баяндамасын угуп, соттук коллегия
**Т А П Т Ы:**
Э. Б. 2025 жылдын январынан март айынын аралыгында уюлдук телефон колдонууга мүмкүн болбогон абакта мыйзамдуу тартиптерге баш ийбей, уюлдук телефон колдонуп, “Фейсбук” баракчасында катталган “А. К. С. Качар” аккаунту менен өлкөдөгү коомдук-саясий абалга терс таасир көрсөтүү максатында өзүнүн кылмыштуу аракеттерин жасаган. Тактап айтканда, ал учурдагы мамлекеттик бийликти каралоо жана дискредитациялоо, кырдаалды атайлап жана негизсиз түрдө бир жактуу көрсөтүү аркылуу элдин арасында нааразычылык маанайын козутуу, ошондой эле массалык аш аламдыктарга чакыруу максатында, “Интернет” тармагындагы “Фейсбук” социалдык түйүнү аркылуу медиаконтенттерди жарыялоо жолу менен мыйзамсыз аракеттерди жүргүзгөн.
Тактап айтканда, 2025-жылдын январь-март айлар аралыгында интернет айдыңынын “Фейсбук” баракчасында “А. К.-С. К.” аккаунту аркылуу массалык баш аламандыкка багытталган жана бийликти күч менен басып алууга чакырыктарды камтыган, андан сырткары өлкө башчысына, Кыргыз Республикасынын УКМКнын төрагасынын дарегине жана алардын жакын туугандарынын өмүрүнө коркунуч жаратуучу лингвистикалык маанидеги чакырыктарды жасап, алардын кызматтык иштерин негативдүү баалоо жана каралоо менен аларды бийликтен кетирүү башка максат экендиги тууралуу билдирүүлөрдү жарыялаган.
Тергөөнүн жүрүшүндө, "Фейсбук" баракчасындагы "А. К. - С. К." аккаунтуна байланышкан уюлдук номурду жана ага катталган тийиштүү адамдарды аныктоо боюнча УКМКнын Чүй облусу боюнча башкармалыгынын 5-бөлүмүнө тергөө тапшырмасы берилип, ыкчам иликтөө иш чаралардын натыйжасында "Фейсбук" баракчасында катталган "А. К. С. Качар" (ID аккаунт: 61571126135553) аккаунту, Чүй облусунун Аламүдүн районунун Молдовановка айылында жайгашкан №27-түзөтүү абакта жазасын өтөп жаткан Кыргыз Республикасынын жараны 27.04.1984-жылы туулган Б. Э. М. Mega («А. Т.» ЖАКы, мурдагы MegaCom уюлдук оператору) компаниясыны ***** номурлуу уюлдук байланыш номурунан интернет колдоонуу менен уюлдук телефон аркылуу ар кандай чакырыктарды жана билдирүүлөрдү коомчулукка жарыялап жаткандыгы аныкталган.
Э. Б. интернет айдынында "Фейсбук" баракчасынын "А. К. С. Качар" аккаунту аркылуу массалык баш аламандыктарды уюштурууга жана бийликти күч менен басып алууга ачык чакырыктарды жасоо үчүн төмөндөгү чакырыктарды жана билдирүүлөрдү жарыялаган: «Зоналардын дарбазалары ачылат! Камчы, Садыр качып кутулбайсыздар! Силерге только метр гор жардам берет!»; «Эл чыгат митингке, ок атбагыла! Өзүңөр айткандай жөн таштап кетип калыныздар! Эң жакшы вариянт! Good bay! Садыр, камчы»; «Ж. Т. садагага чабылат! Жапаров качат, Бапештер менен декештер, депутаттар жогундулор камалат!»;

«Сабырды, Доолоту, Шайырды, Таймурасты, Рустамды, Дайырды, Канибекти качырбай кармап калалы! Жооп Берген Күн келди!»; «С. Ж. качканга даярданып койуптур Уй булосу менен! Д. Б. силер каяка качасынар? Ташиев садагага чабылат!»; «Орозо бутору менен Качыр качат! Маймыл садагага чабылат! Баары по плану! Д. Б. камалат!»; «Эки досту кетирбесек, Катынын менен кошулганда ГКНБ дан уруксат сурап каласын! Кайда биздин азаматтар? Камалгандан коркпогула!»; «К. М., З. Т., М. Т. кызы, К. А., камап койсо унчукпай отурбай! Барбы эркек коргоогону!»; «Баткендеги окуядагы Таджик агрессиясынан шейит кеткен баатырлардын арбагы эки досту урсун! Жерди саткандарга олум!»; «Орозо айында жөн эле отуруп турсанар болот болчу? Канышай эжекени камап эмне пайда таптыңар? Апрель революция болот!»; «Жапаровдун, Ташиевдин режиминин акыркы күндөрү! Жаны бийлик келет даярдана бергиле! Бапеш, дакансалар жооп Берген Кун келди Эми!»; «Обиженный эки достун Кучу алдарга эле жетет! К. Э. бошоткула Тажикистан республикасынын чокчолой баатырлары!»; «С. Ж. озбекстан республикасынын Баатыры! Т. Т. республикасынын Баатыры!»; «Менин маалыматым боюнча; К. К. Л. приказ берген Адам ликвидация болот! турмодон чыккан адам турмого барат!»; «Кемпир абадды сатты, Достук, Ворухка коридор сатты, Бакиевди алып келет Колунардан эмне келет? коркок Эл унчукпай отуруп берет!»; «Эки дос бийликте туркук эмес, жакында кетишет! Жерсиз, суусуз, калдык 9 млр $ карыз мойнубузда, ошону ойлонгон Эр азаматтар барбы?»; «Степнойдо алдар колониясында эки сотрудникти сойуп салышыптыр сотолгон аялдар. Революция Жакында турмолордун дарбазалары ачылат!»; «Бийлике кандай келсен? *****ондой кылып бийликтен алышат! Сен иштетилген гандонсун, пока до свидания.»; «Ташиев доске экоон мандаттынарды Эл котунорго тыгат го! Жакында Жаман катын, мандатын алыш кугулат Дейт!»; «Мчсте министр болуп турганда млндогон $ уурдаган, АК уйдун катасын атап шымын жыртыш бийликти басып алам, Жер саткан чыккынчы!»; «У. К. А. саты байды, Кемпир абалды, Достукту, Вор ухка коридор ачып берип сатып Садыр, Камчы байыды»; «Жапаров, Ташиев экоонордун оордунар ИЛС! Обиженныйлар да силерди кабыл албашы мумкун Алса суйунгуло болбосо на глушняксынар!»; «Ж. Г.! За ликвидацию отвечать надо! Канды кан куйт! Кун толош керек болбосо! Оч алуу Деген бар! Кровная месть!»; «С. Ж., Ташиевдин туугандары эскертүү! Эртен бийлик алмашса, Активист, журналист, блогерге, саясатыларга жалдыра баштайсынар! Азыр алар камакта! Орун алмашуу болот! Саясаттын кубулушу ушундай!Эртен силер камаласынар! Ойлонуп, жакшы даярдана бергиле!»; «Активистер, Блогерлер, Журналистер турмодо мыйзамсыз отурат! Эртен чыкканда мамлекет компенсация тологонго туура келет! Садыр кетти!»; «Шрек генерал 03 жанына ликвидация кылганы приказ бериптир! Качыр президент Китайга качканга даярданый койуптур!»; «У. У. У.! Качыр президент качты! Шрек генерал озун атып алды! Жаны убактылуу бийлик келди! Д. Б. камалды!»; «МВД Берген судимости жок деген кагаз жарабайт!ГКНБ Берген судимость бар Деген кагаз жарайт экен! МВДны жойуп салбайлыбы?»; «Ташиев таарынган катынга окшош! Жакпай калса мандаттын алып салмай!» «Менмин деген Фираун, Сталин, Гитлер олуп кеттишти? С. К. Э.? Садый, К. Б. спермадан жаралган макулуксунар!Заалым падышалар!» «2020 жыл КР 4.5 млр $ карызы болчу, Эми 2025 жыл 9 млр $ карызбыз бар 4 жыл ичинде 4.5 млр карыз альптыр Садыке» «2025 жыл эки достун акыркы жылдары Онго барса Капут, Солго барса Капут! Жер саткычтар!» «Эки достун кадамы; Онго барса Капут! Солго барса Капут!» «Чыныгы абыке кобоштун тукумдары окшойт Эки дос!» «Дагы унчукпай отура берсенер, Кой аткандай Ата берет! Мамлекеттин кызыкчылыгы деп! ПНО Ташиев.»
Сотко чейинки териштирүү ишин толук кандуу жана ар тараптуу болушун камсыз кылуу үчүн, 14.04.2025-жылы ыкчам иликтөөнүн натыйжасында аныкталган, интернет айдыңындагы "Фейсбук" баракчасында, "А. К. - С. К." аккаунту аркылуу жарыяланган чакырыктарга, эксперттик баа берүү зарылчылыгы пайда болуп, тергөөнүн токтому менен комплекстүү лингвистикалык жана политологиялык экспертизалар дайындалып, алардын жүргүзүлүшү Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу сот-эксперттик кызматынын эксперттерине тапшырылган.
Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу комплекстүү лингвистикалык жана политологиялык экспертизанын корутундусуна (№001862 21.04.2024ж.) ылайык, изилдөө үчүн берилген материалдардан төмөнүлөр аныкталган. Э. Б. С. тармакка жарыяланган билдирүүлөрүндө, ал учурдагы бийлик тууралуу терс пикирлерин билдирген. Ал аудиторияны азыркы бийликти кулатууга үндөп, массалык наразычылык маанайларын дем берүүдө. Э. Б. бийликке карата нааразылыгын катуу маанайда билдирип, өкмөттү кулатуу жана алмаштырууга аракет кылууну чакырган. Бийликке ишенбөө, терс лексиканын колдонулушуна байланыштуу. Көрсөтүлгөн сүйлөмдөрдүн семантикалык түзүлүшү күчтүү интонация менен сүйлөгөндүн ар кандай эмоцияларын жана психикалык абалдарын аудиториянын көңүлүнө тартууга багытталган, өз жеке көз карашын коомчулукка пропагандалоо максатында курулган. Э. Б. кайрылууларында Кыргыз Республикасынын Президенти С. Ж. жана Министрлер кабинетинин төрагасынын орун басары, УКМКнын төрагасы генерал-полковник К. Т. карата кескин, катуу жана жек көрүү менен терс баа берилип, жогоруда аталган адамдарды дискредитациялоону максат кылган. Андан улам, Э. Б. массалык баш аламандык акциясын уюштуруп өткөрүүгө жана учурдагы мыйзамдуу бийликти кулатууга чакырат жана ал мыйзамга каршы иш-аракеттерин социалдык тармактын колдонуучуларына «Фейсбук» социалдык тармактарынын колдонуучуларына жана ктышуучуларына багыттап, бийликтин мыйзамдуу талаптарына активдүү баш ийбөө же массалык баш аламандыкка чакыруу, ошондой эле жарандарга зомбулук кылууга үндөө аркылуу алардын аң-сезимине жана эркине таасир этүүгө аракет кылып, коомдук коопсуздукка, тартипке жана мамлекеттик бийликке каршы оор кылмышты жасаган.
Башкача айтканда, Б. Э. М., өзүнүн кыймыл аракети менен Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 278-беренесинин 3-белүгүндө каралган кылмышты жасаган, ал кылмыштын квалификациялоочу белгилери болуп — мамлекеттик бийлик өкүлдөрүнүн мыйзамдуу талаптарына активдүү баш ийбөөгө, массалык баш аламандыктарга, ошондой эле жарандарга карата зомбулук көрсөтүүгө ачык чакырыктар болуп саналат.
Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын жараны, 27.04.1984-жылы туулган Б. Э. М., ЖАМКнын 27-мекемесинде буга чейин кылган кылмышы үчүн, жазасын өтөп жаткандыгына карабастан кайрадан кылмыш жолуна түшкөн, ал уюлдук телефон колдонууга мүмкүн болбогон абакта, мыйзамдуу тартиптерге баш ийбей уюлдук телефон колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, "Фейсбук" баракчасында катталган "А. К. С. Качар" аккаунту менен өлкөдөгү коомдук-саясий абалга терс таасир көрсөтүү максатында өзүнүн аракеттерин жасаган. Атап айтканда, ал учурдагы мамлекеттик бийликти каралоо жана дискредитациялоо, кырдаалды атайылап жана негизсиз түрдө бир жактуу көрсөтүү аркылуу элдин арасында нааразылык маанайын козутуу, ошондой

эле массалык баш аламандыктарга чакыруу ниетинде, «Интернет» тармагындагы «Фейсбук» социалдык түйүнү аркылуу медиаконтенттерди жарыялоо жолу менен мыйзамсыз аракеттерди жүргүзгөн.
Сотко чейинки териштирүү ишин толук кандуу жана ар тараптуу болушун камсыз кылуу үчүн, 14.04.2025-жылы башкармалыктын тергөө бөлүмү тарабынан, жана ыкам иликтөөнүн натыйжасында аныкталган, интернет айдынындагы "Фейсбук" баракчасында, "А. К. - С. К." аккаунту аркылуу жарыяланган чакырыктарга, эксперттик баа берүү зарылчылыты пайда болуп, тергөөнүн токтому менен комплекстүү лингвистикалык жана политологиялык экспертизалар дайындалып, алардын жүргүзүлүшү Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу сот-эксперттик кызматынын эксперттерине тапшырылган.
Соттук-лингвистикалык экспертизанын 21.04.2025-жылдагы 001862 сандуу корутундусуна ылайык, "Изилдөөгө берилген материалдарда бийликти кетирүүгө, революция аркылуу бийликти күч менен басып алууга чакырыктын лингвистикалык белгилери камтылган. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлигин жигердуу түрдө каралоочу, ошону менен Кыргыз Республикасынын жарандарынын арасында жана азыркы саясатта терс пикир жаратууга аракеттердин, мамлекет башчысы тарабынан жүргүзүлүп жакан саясатын каралоочу, Кыргыз Республикасынын жарандарынын ачык түрдө учурдагы бийликти кетирүү үчүн үндөгөн лингвистикалык белгилер камтылгандыгы аныкталган.
Э. Б. тарабынан мыйзамсыз жана мыйзамга каршы аракеттер интернет аркылуу Кыргыз Республикасынын жарандарынын белгисиз санына, «Фейсбук» социалдык тармагын колдонгондор жана катышуучуларына багытталган кайрылуу менен билдирилген. Бул кайрылуу аркылуу ал бийликтин мыйзамдуу талаптарына активдүү баш
ийбөө, массалык башаламандыкка баруу максатында алардын аң-сезимине жана эркине таасир этүүгө аракет кылган. *****ондой эле ал жарандарынын бирөөлөрүнө карата зомбулук аракеттерин жасоого чакырып, аталган аракеттерди ишке ашыруусуна үндөгөн. Бул менен ал коомдук коопсуздукка, тартипке жана мамлекеттик бийликке каршы оор кылмышты кылган.
Өзүнүн аркеттери менен интернет-коммуникациялык тармактардагы, өзгөчө социалдык тармактын "Фейсбук" баракчасында катталган "А. К. С. Качар" (ID аккаунт: 61571126135553) аккаунту аркылуу, ал 2025-жылдын 4-февралында бир катар билдирүүлөдү жарыялаган. Аныкталган маалыматтар боюнча, аталган аккаунттун ээси Б. Э. М. болуп саналат. Жарыяланган кайрылуулар жана чакырыктардын мазмуну күч менен бийликти басып алуу же күч менен кармал туруу, ошондой эле конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө үндөөлөрдү камтыйт.
Тергөө органдары тарабынан Э. Б. Кыргыз Республикасынын КЖКнын 278-беренесинин 3-бөлүгү, 327-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктунда көрсөтүлгөн кылмышты жасаганы боюнча айып коюлган.
**Сот жогоруда көрсөтүлгөндөй өкүм кабыл алган.**
Өкүм менен макул болбой айыпталуучу Э. Б. апелляциялык даттануу менен кайрылып, ушул өкүм боюнча пробациялык көзөмөл колдонуу менен аны жазадан бошотуп берүүнү же болбосо жазаны өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу түрдө бошотуп берүүнү суранган.
Биринчи инстанциядагы соттун соттук отурумунда айыпталуучу **Б. Э. М.**, ага коюлган айып боюнча күнөөсүн толугу менен мойнуна алып, төмөндөгүдөй көрсөтмө берген. 2021-жылдын январь айынын аягында “RED MI 12” уюлдук телефонду Нуржигит аттуу баладан сурап алдырган. Сыртта болооткан окуяларды угуп, өзү макул болбогондугун билдирип интернетке ойлорун жазып чыгарган. Айыптоо актысында көрсөтүлгөндүн баардыгын өзү жазганын билдирди. Кийин жетинчи апрелдерде болгон окуялардан кийин Э. Б., Тайгуновго телефонду бекит деп берген. “RED MI 12” уюлдук телефонду колдонуп жүргөнүн мойнуна алып, өз күнөөсүн сезип, ага карата жеңилдикти кароону суранган.
Апелляциялык инстанциядагы соттун соттук отурумунда айыпталуучу Э. Б. күнөөсүн Кыргыз Республикасынын КЖКнын 327-беренеси боюнча гана мойнуна жарым-жартылай алып, апелляциялык даттануусун колдоп, аны канааттандырып берүүнү суранган.
*****ондой эле, биринчи инстанциядагы соттун соттук отурумунда күбө катары суралышкан Б. С., С. С. жана И. А. төмөндөгүчө көрсөтмө беришкен. 2025-жылдын 15-апрелинен 16-апрелине караган түнү нөөмөт учурунда түнкү саат 00:10 чамаларда соттолгондорду кайтаруу жана аймакты кыдыруу учурунда, соттолгон 14.07.1996-жылы туулган В. Т. уюлдук телефону кара түстөгү “RED MI 12” маркасында болгонун жана аныкталган телефон каражатын акт түзүлүп алынып, соттолгон В. Т. колдонууга мүмкүн болбогон абакта уюлдук байланыш каражатын мыйзамсыз колдонгондугу үчүн ЖАМКнын ички тартип эрежелерине ылайык 6 суткага айып изоляторуна киргизилген. Телефон өзүнүкү деп билдирип, түшүнүк кат жазып берген.
Биринчи инстанциядагы соттун соттук отурумунда күбө катары суралган Н. К. төмөндөгүчө көрсөтмө берген. Э. Б. менен 2019-2020 жылдары Р. Ф. М. шаарында иштеп жүргөндө таанышканын, Андан соң 2022-жылдын күз айларында Э. Б. соттолуп кеткенин социалдык тармактар аркылуу укканын, Э. Б. ага байланышка чыкпачы. Э. Б. карындашы, апасы кээ бирде келини чалып турушчу, бир жылдын бери алар дагы байланышка чыкпай калган. Карындашы сураганда жазасын өтөп жаткан 27-мекемеге барып жоолукканын билдирген.
Тергөө учурунда күбө В. Т. берген көрсөтмөсүнө ылайык, ал Э. Б. менен чогу бир бөлмөдө болгонун, ошол учурларда Э. Б. телефон колдонуп жүргөнүн байкаганын, 2025-жылдын 15-апрель күнү үй-бүлөөсүнө байланышка чыгуу үчүн Э. Б. “RED MI 12” үлгүсүндөгү уюлдук телефонун 0556270484 сандуу уюлдук байланыш номуру менен кошо сурап алып, үй бүлөсүнө байланышка чыгып жаткан учурда, 27-мекеменин кызматкерлери келип, Э. Б. сурап алган уюлдук телефонун акт түзуп алышканын билдирген /1т. _103-105_и.б./.
**Кылмыш иштин материалдарын изилдеп чыгып**, апелляциялык даттануунун жүйөлөрүн талкуулап, айыпталуучунун адвокаты Н. К. апелляциялык даттануу толугу менен колдоп, Э. Б. камакка байланышпаган жаза берүү жөнүндөгү, мамлекеттик айыптоочу Т. Т. биринчи инстанциядагы соттун өкүмүн өзгөртүүсүз калтыруу жөнүндөгү ой-пикирлерин угуп, соттук коллегия төмөнкү жыйынтыкка келет.
Кыргыз Республикасынын КЖПКнын 408-беренесинде, апелляциялык инстанциядагы сот даттануулар, сунуштар боюнча биринчи инстанциядагы соттун өкүмүнүн мыйзамдуулугун, негиздүүлүгүн жана адилеттүүлүгүн, башка соттук актыларынын, тергөө

судьясынын токтомунун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерет деп белгиленген.
Кыргыз Республикасынын КЖПКнын 349-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, айыптоо өкүмү соттук териштирүүнүн жүрүшүндө айыпталуучунун кылмышты жасоого күнөөлүүлүгү иликтенген далилдердин жыйындысы менен ырасталган шартта гана чыгарылат жана божомолдорго негизделиши мүмкүн эмес.
Иштин материалдарынан көрүнүп тургандай, тергөө органдары тарабынан айыпталуучу Э. Б. Кыргыз Республикасынын КЖКнын 278-беренесинин 3-бөлүгү, 327-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту менен айыбы угузулган.
Биринчи инстанциядагы сот, тергөө органдары тарабынан айыпталуучу Э. Б. кылмыштуу аракеттери Кыргыз Республикасынын КЖКнын 278-беренесинин 3-бөлүгү, 327-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту менен туура квалификацияланган деген жыйынтыкка келген.
Кыргыз Республикасынын КЖПКнын 289-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, ишти соттук териштирүүдө бардык далилдер тикелей иликтенүүгө жатат. Сот айыпталуучунун, жабырлануучунун, күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн, эксперттин корутундусун угат, буюмдук далилдерди карап чыгат, протоколдорду жана башка документтерди жарыя кылат, далилдерди иликтөө боюнча башка соттук аракеттерди жүргүзөт.
Кыргыз Республикасынын КЖПКнын 90-беренесине ылайык, далилдөө ишти мыйзамдуу, негиздүү жана адилеттүү чечүү үчүн мааниге ээ болгон жагдайларды аныктоо максатында далилдерди чогултуудан, изилдөөдөн, баа берүүдөн турат.
Кыргыз Республикасынын КЖПКнын 92-беренесинде, иш боюнча чогултулган далилдер ар тараптуу жана объективдүү текшерилүүгө тийиш. Текшерүү алынган далилге талдоо жүргүзүүдөн, аны башка далилдер менен салыштыруудан, жаңы далилдерди чогултуудан, аларды алуунун булактарын текшерүүдөн турат деп көрсөтүлгөн.
Иш материалдарында жана соттук териштирүүдө аныкталгандай, Э. Б. Ч. облусунун Аламүдүн районунун Молдовановка айылында жайгашкан №27-түзөтүү абаката жазасын өтөп жатканда, уюлдук телефон колдонуп, “Фейсбук” баракчасында “А. К. – С. К.” аккаунту аркылуу массалык баш аламандыкка багытталган жана бийликти күч менен басып алууга чакырыктарды камтыган, андан сырткары өлкө башчысына, Кыргыз Республикасынын УКМКнын төрагасынын дарегине жана алардын жакын туугандарынын өмүрүнө коркунунуч жаратуучу лингвистикалык маанидеги чакырыктарды жасап, алардын кызматтык иштерин негативдүү баалоо жана каралоо менен аларды бийликтен кетирүү башкы максат экендиги тууралуу билдирүүлөрдү жарыялаган. Ар кандай чакырыктарды жана билдирүүлөрдү коомчулукка жарыялап, массалык баш аламандыктарды уюштурууга жана бийликти күч менен басып алууга ачык чакырыктарды жасоо үчүн чакырыктарды жана билдирүүлөрдү жарыялаган.
А. Э. Б. күнөөсү өзү күнөөсүн жарым-жартылай мойнуна алып, ал берген көрсөтмөсүнөн тышкары, соттук териштирүүдө изилденген төмөнкү далилдер менен далилденет: 2025-жылдын 11-апрелиндеги Кыргыз Республикасынын УКМК Чүй облусу боюнча 5-бөлүмүнүн башчысы майор У. И. рапорту жана фото таблицалар /1т. _9, 11-24_и.б./; 2025-жылдын 12-апрелиндеги №02/3414 тергөө тапшырмага 2025-жылдын 22-апрелиндеги Кыргыз Республикасынын УКМК Чүй облусу боюнча 5-бөлүмүнүн башчысы майор У. И. жообу /1т. _32-33_и.б./; аталган факт боюнча күбө катары суралган И. А., С. С., Б. С. жана В. Т. 2025-жылдын 29-апрелиндеги протоколдору /1т. _94-96, 97-99, 100-102, 103-105_и.б./ жана кылмыш ишинин ичиндеги башка далилдер менен.
*****ондой эле, 21.04.2025-жылдагы №001862-сандуу комплестик соттук лингвистикалык жана политологиялык экспертизасынын корутундусуна ылайык, изилдөөгө берилген материалдарда бийликти кетирүүгө, революция аркылуу бийликти күч менен басып алууга чакырыктын лингвистикалык белгилери камтылган. Изилдөөгө берилген материалдарда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлигин жигердүү түрдө каралоочу, ошону менен Кыргыз Республикасынын жарандарынын арасында жана азыркы саясатта терс пикир жаратууга аракеттердин, мамлекет башчысы тарабынан жүргүзүлүп жаткан саясатын каралоочу, Кыргыз Республикасынын жарандарын ачык түрдө учурдагы бийликти кетирүү үчүн үндөгөн лингвистикалык белгилер камтылган. Изилдөөгө берилген материалдарда азыркы Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердүүлүгүн терс баалап, кескин түрдө терс сыпаттама формасындагы маалыматтарды жалпы коомчулукка таратууга багыттаган жана башка ушундай сыяктуу терс маалыматтарды таратып, Президенттин дарегине карата ар-намысын, кадыр-баркын басынтып терс маанидеги маалыматтар камтылган. Изилдөөгө берилген материалдарда массалык башаламандыкка багытталган чакырыктардын лингвистикалык белгилери камтылган – деп көрсөтүлгөн /1-т. _41-47_и.б./.
Соттук коллегиянын пикири боюнча, бул экспертизанын корутундусу толук, илимий жактан негизделген, далилдердин жол берилиши жана тиешелүүлүгү жөнүндө Кыргыз Республикасынын КЖПКнын 93-беренесинин талаптарын канааттандырат, адистештирилген уюм тарабынан соттук дин тануу жана лингвистикалык экспертизаны дайындоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын УКМКнын Чүй облусу боюнча башкармалыгынын ТКнын тергөөчүсү Ж. Б. токтомунун негизинде түзүлгөн, бул экспертизанын изилдөө предмети болуп 14 барак скриншотто “Facebook” социалдык тармакта “А. К. С. Качар” аттуу аккаунтта камтылган маалыматтар саналат.
Экспертиза адистештирилген эксперттик мекеме – Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Соттук-эксперттик кызматы тарабынан Кыргыз Республикасынын "Соттук-эксперттик иш жөнүндө" Мыйзамынын талаптарына ылайык жүргүзүлгөн.
Экспертиза политологиялык жана лингвистикалык изилдөө жаатында жетиштүү квалификацияга жана зарыл билимге ээ болгон эксперттери тарабынан өткөрүлгөн, ал эми экспертизанын корутундусунун өзү ишти толук жана ар тараптуу кароо үчүн мааниге ээ болгон зарыл тыянактарды камтыйт.
Жогоруда келтирилген далилдердин жыйындысын эске алуу менен, соттук коллегия биринчи инстанциядагы сот тарабынан айыпталуучунун аракеттери Кыргыз Республикасынын КЖКнын 278-беренесинин 3-бөлүгү, 327-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту менен, башкача айтканда “бийлик өкүлдөрүнүн мыйзамдуу талаптарына жигердүү баш ийбөөгө жана массалык баш аламандыктарга чакырыктар, ошого тете жарандарга зомбулук көрсөтүүгө чакырыктар” жана “бийликти күч менен басып алууга же күч колдонуп кармап турууга, ошого тете конституциялык түзүлүштү күч колдонуп өзгөртүүгө жалпыга маалымдоо

каражаттарын же маалыматтык-коммуникациялык тарамдарды колдонуу менен ачык чакырыктар" - деп туура квалификацияланган деген тыянакка келет.
Себеби, көрсөтүлгөн беренелердин чеңеминин мааниси боюнча, кылмыштардын объектиси болуп коомдук коопсуздук, коомдук тартип, мамлекеттик бийликтин мыйзамдуу ишмердүүлүгү, жарандардын коопсуздугу жана укуктары, ошондой эле конституциялык түзүлүшү, мамлекеттик бийликтин легитимдүүлүгү саналат.
Кылмыштын объективдүү жагы ачык түрдө бийлик өкүлдөрүнүн мыйзамдуу талаптарына жигердүү баш ийбөөгө чакырыктарды жасоо, массалык баш аламандыктарга чакыруу, бийликти күч менен басып алууга, кармап турууга, конституциялык түзүлүштү күч колдонуп өзгөртүүгө чакырык жасоо менен мүнөздөлөт. Чакырыктар сөз жүзүндө, жазуу түрүндө, массалык иш-чараларда, же интернет, социалдык тармактар жана башка маалыматтык-коммуникациялык тармактар аркылуу жасалышы мүмкүн.
Бул себептен улам, соттук коллегия айыпталуучу Э. Б. коомдук тартипти бузууга багытталган түздөн-түз ниет менен, бийлик өкүлдөрү тарабынан мыйзамдуу түрдө коюлган талаптарга жигердүү баш ийбөөгө, ошондой эле массалык баш аламандыктарды уюштурууга жана жарандарга карата зомбулук көрсөтүүгө ачык чакырыктарды жасагандыгы далилденди деп табат, бул айыпталуучунун кыймыл аракетинин мүнөзү, пайдаланылган каражаттар жана жазык ишинин материалдары менен тастыкталат.
Иштин орду, убактысы жана жагдайлары, экспертизанын корутундусу иштин иш жүзүндөгү жагдайларын ачып берет, ал эми калган бардык далилдер айыпталуучу Э. Б. кыймыл аракетин Кыргыз Республикасынын КЖКнын 278-беренесинин 3-бөлүгү, 327-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту боюнча квалификациясынын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн толуктайт жана ырастайт.
Кыргыз Республикасынын КЖКнын 59-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, адамды жазалоонун максаты болуп күнөөлүүнү түзөтүү жана ресоциалдаштыруу, жаңы кылмыштарды жасоонун алдын алуу, социалдык адилеттүүлүктү калыбына келтирүү саналат.
А. Э. Б. карата жазаны белгилөөдө биринчи инстанциядагы сот Кыргыз Республикасынын КЖКнын 73, 74-беренелеринде каралган жазаны оордотуучу жана жеңилдетүүчү жагдайларды, айыпталуучу жасаган кылмыштын мүнөзүн жана коомдук коркунучтуулук деңгээлин эске алуу менен айыпталуучуга эркиндигинен ажыратуу жаза дайындоону туура деп тапкан, себеби ушундай шартта гана жазалоонун түпкү максатына жетүүгө болот, башкача айтканда күнөөлүүнү түзөтүү, ресоциалдаштыруу, кылмыштарды жасоонун алдын алуу жана социалдык адилеттүүлүктү калыбына келтирүү принциптерин ишке ашыруу максатын жүзөгө ашыруу болуп саналат.
Кыргыз Республикасынын КЖПКнын 345-беренесине ылайык, соттун өкүмү мыйзамдуу жана негиздүү болушу керек. Эгерде өкүм ушул Кодекстин талаптарына ылайык чыгарылса жана кылмыш-жаза мыйзамын туура колдонууга негизделсе, ал мыйзамдуу, негиздүү жана адилеттүү деп таанылат.
Соттук коллегия кылмыш ишин биринчи инстанциядагы сот териштирүүдө иш үчүн маанилүү болгон бардык жагдайлар туура аныкталган, материалдык укуктун нормалары туура колдонулган, жана далилдерди баалоонун, изилдөөнүн объективдүүлүгүнө шектенүүгө эч кандай негиз жок деп табат.
Ал эми, айыпталуучу Э. Б. апелляциялык даттануусундагы ага карата камакка байланышпаган жаза берүүнү, тактап айтканда пробациялык көзөмөл колдонуу менен аны жазадан бошотуп берүүнү тастыктаган жүйөлөрү боюнча соттук коллегия төмөнкүнү белгилейт.
Кыргыз Республикасынын КЖКнын 72-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнүн талабы боюнча жазаны дайындоодо сот жазанын алдын алуучу максаттарын эске алуу менен күнөөнүн даражасы жана жосун тарабынан келтирилген залалдын даражасына шайкеш келүүсүн эске алуусу зарыл. Жазанын жеңилирээк түрү жазанын максатына жетүүнү камсыз кылбаган учурда гана ушул Кодекстин 60-беренесинде каралган жазанын оор түрү дайындалышы мүмкүн.
Кыргыз Республикасынын КЖКнын 82-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-пунктунун талаптарына ылайык, конституциялык түзүлүштүн негиздерине жана мамлекеттин коопсуздугуна каршы кылмыштар үчүн соттолгондорго пробациялык көзөмөл колдонулбайт деп көрсөтүлгөн.
Кыргыз Республикасынын КЖКнын 41-главасында Конституциялык түзүлүштүн негиздерине жана мамлекеттин коопсуздугуна каршы кылмыштар көрсөтүлгөн, ал главага аталган Кодекстин 323-беренесинен баштап 335-беренесине чейинки көрсөтүлгөн кылмыштар кирет. Демек, айыпталуучу Э. Б. карата пробациялык көзөмөл колдонуу мүмкүн эмес.
Кыргыз Республикасынын КЖПКнын 417-беренесинин 1-пунктуна ылайык, апелляциялык инстанциядагы сот кылмыш ишин кароонун жыйынтыгы боюнча биринчи инстанциядагы соттун өкүмүн өзгөртүүсүз, ал эми апелляциялык даттанууну канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө өкүм токтом кылат.
Жогорулардын негизинде жана Кыргыз Республикасынын КЖПКнын 416, 417-беренелерин жетекчилике алып, соттук коллегия
**Ө К Ү М К Ы Л А Т :**
Чүй облусунун Аламүдүн райондук сотунун 2025-жылдын 13-октябрындагы **Б. Э. М.** карата кабыл алынган өкүмү – өзгөртүүсүз калтырылсын.
А. Э. Б. апелляциялык даттануусу – канааттандыруусуз калтырылсын.
Өкүмгө наразы тарап кассациялык тартипте Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна даттанууга укуктуу.
**Төрагалык кылуучу: Б.М. К.**
**Судьялар: Ж.С. С.**
**М.А. Т.**

Верховный суд Кыргызской Республики